КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**Садыр аке айылдык Кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезексиз 14-сессиясы**

# ТОКТОМ

**04-апрель 2023-жыл № 77** **Григорьевка а.**

**S=47,0 га жер тилкесин Садыр аке айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине кайтаруу жөнүндө**

Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 17-ноябрындагы №293-т сандуу тескемесинин негизинде түзүлгөн S=152,0га жер тилкени Садыр аке айыл өкмөтүнүн менчигине кайтаруу боюнча комиссиясынын 2022-жылдын 13-декабрындагы №1 сандуу протоколунун, Кыргыз Респукбликасынын айыл чарба министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызматынын Ысык-Көл облустук аймактар аралык бөлүмүнүн 2022-жылдын чыгыш №124 сандуу сунушматасынын жана Садыр аке айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 28-мартындагы №24 сандуу буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия курамынын 2023-жылдын 28-мартындагы АКТсынын негизинде Садыр аке айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

**1.** №520 контурундагы S=10,0 жана №523 контурундагы S=37,0га, жалпысынан S=47,0 га жер тилкеси Садыр аке айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине кайтарылып берилсин жана айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ачык айкын ижарага аукцион аркылуу таратууну Садыр аке айыл өкмөтү жарыяласын.

**2.** Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**3.** Бул Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы А.Б. Орозалиевге тапшырылсын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы айылдык кеңештин жер маселеси боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди: Иш кагаздарына -2, Обл.юстицияга -2*